# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ СЕНТЯБРЬ'23 / №91-САНЫ WWW.MANAS.EDU.KG



02

# "Манас" дүйнөдөгү эң мыкты 851 университеттин катарына кирди

Кыргыз-Түрк «Манас» университети QS (Quacquarelli Symonds) тарабынан экинчи жыл дүйнөнүн эң мыкты 851 университетинин катарына кирди.


10

## "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары - дүйнөлүк деңгээлге чыгууга чоң мүмкүнчүлүк"

Маданияттын мыкты кызматкери, Кыргызстан кол өнөрчүлөр кеңешинин координатору, архитектор-дизайнер, айкелчи, сүрөтчү...


16

## Маданият жоголсо - эл жоголот

Бишкек шаарында чоподон карапа жана өзгөчө буюмдарды жасоочу өнөркана бар. Аны жаш ишкерлер Эрмек Алтымышбаев жана Эржан Эмилбаев негиздеген. Эрмек Алтымышбаев "Манас" университетинин теология бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү...


09

## Нуриза Өмүрбаева: "Капкалуу шаар, кайрымы жок күндөрдөн, Качып келип деңиз болду сыйганым"

Акындардын дүйнөсү баарынан башкача, өзгөчө сезимтал жана ой-пикирге бай сезилет. Жөн адамга бири-бирине куюлушуп уйкашкан сөздөр, ошол сөздөр жараткан чексиз мазмун таң калычтуу, ары сыйкырдуу көрүнсө керек.


14

## "Жардын кыры мен үчүн даяр акустикалуу сахна эле"

Жер жүзүндө бардык эле адамга табият атайын талант арнап, баа жеткис өнөр тартуулай бербесе керек. Ошол тартуу кылынган шык-жөндөмдү ары улап кетүү жана келген дөөлөттү туура колдоно билүү өтө оор жана ал ар бир өнөр ээсинин өз колунда.

# “Манас” дүйнөдөгү эң мыкты 851 университеттин катарына кирди

***Кыргыз-Түрк «Манас» университети QS (Quacquarelli Symonds) тарабынан экинчи жыл дүйнөнүн эң мыкты 851 университетинин катарына кирди. Бул анын академиялык бийиктиктерге болгон умтулуусун чагылдырган олуттуу жетишкендиги. Университетибиз QS 2024 World University Rankings рейтингинде 104 өлкөдө мыкты деп табылган 1503 жогорку окуу жайдын ичинен эң алдыңкы 851 университеттин катарына кирди.***

ЖМК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

Дүйнө жүзүндөгү миңдеген жогорку окуу жайларга терең изилдөө менен баа берген уюм КТМУнун сапаттуу академиялык жетишкендиктерин дагы бир жолу далилдеди. КТМУ экинчи жыл катары менен эл аралык жогорку билим берүүнүн жогорку баскычынан орун алды.

КТМУнун бул рейтингдеги туруктуу көрсөткүчтөрү анын дүйнөлүк деңгээлдеги билим берүүгө, илим изилдөөгө жана жаңы инновацияларды үчүн жандуу чөйрөнү түзүүгө умтулгандыгынын далили болуп саналат. Бул КТМУну Кыргызстанда жана Борбор Азияда гана эмес, дүйнөлүк аренада да таасирдүү билим берүү мекемеси катары калыптанганын көрсөтүүдө. Ошону менен бирге QS рейтинги КТМУнун Борбордук Азиядагы алдыңкы окуу жай экенин гана тастыктабастан, Кыргызстандын академиялык чөйрөсүнө татыктуу баа бергенин дагы айта алабыз.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети интеллектуалдык өнүгүүгө жана билим берүү сапатын жакшыртууга умтулууда. Дүйнөдөгү эң мыкты 900 университеттин катарына кирген КТМУ өзүнүн интеллектуалдык күчүн жана билимге болгон аракетин жогорку деңгээлдеги ишке ашыруу планын улантууда. Университеттин негизги максаты жогорку сапаттагы билим, илимий изилдөөлөр жана инновациялар чөйрөсүн түзүүгө багытталган.




Quacquarelli Symonds агенттиги университеттердин эң абройлуу глобалдык рейтингдеринин бири болуп эсептелген QS World University Rankings рейтингин түзөт.

# Кыргызстан-Түркия акыйкатчылары КТМУга келишти

ЖМК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

Кыргыз Республикасынын акыйкатчысы (Омбудсмен) Жамиля Жаманбаева жана Түркия Республикасынын башкы акыйкатчысы Шереф Малкоч Кыргыз-Түрк “Манас” университетине иш сапары менен келишти.

Жолугушууда Түркиянын башкы акыйкатчысы Шереф Малкоч окуу жайдын жетекчилиги менен жолугуп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ишмердүүлүгү менен таанышты.

Эскерте кетсек, жолугушууга Кыргызстандын акыйкатчысы Жамиля Жаманбаева жана Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган катышты.

Белгилей кетсек, Түркиянын башкы акыйкатчысы Шереф Малкоч үстүбүздөгү жылдын 2-сентябрында Кыргызстанга расмий иш сапары менен келген.



Сүрөттө (солдон оңго карай): КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, Түркиянын башкы акыйкатчысы Шереф Малкоч, Кыргызстандын акыйкатчысы Жамиля Жаманбаева





Сүрөттө (солдон оңго карай): Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган, КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, Кыргызстандагы “Ахыска түрктөрү” уюмунун жетекчиси Атамша Дурсунов

# КТМУда “15-Июль Демократия жана улуттук биримдик күнүн” эскерүү иш-чарасы өткөрүлдү

***Үстүбүздөгү жылдын 13-июлунда Абдулкерим Сатук Бугра Хан мечитинде ФЕТО террордук уюмунун көтөрүлүшүнөн улам курман болгон жарандардын жаркын элесине арналып Куран окутулду.***

ЖМК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

14-июлда университеттин бардык маалымат каналдары аркылуу террордук уюмдун чыныгы жүзүн баяндаган атайын программалар, спорттук иш-чаралар жана “Түркиянын кылымдагы баатырлары” аталышында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү. Иш-чарага Түркиянын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ахмет Садык Доган, КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Кыргызстандагы өкүлү Мехмет Давулжу, КР ТИМнин Үчүнчү саясий департаментинин директору Бакыт Жусупов, Кыргызстандагы “Ахыска түрктөрү” уюмунун жетекчиси Атамша Дурсунов, Түрк уюмдарынын өкүлдөрү, университеттин академиялык курамы жана ЖМК өкүлдөрү катышты.

Иш-чара “Демократия жана улуттук биримдик күнүндө” курман болгондорду бир мүнөттүк эскерүү жана эки боордош өлкөнүн мамлекеттик гимндери менен башталып, Түркия Республикасынын президентинин аппаратынын Коммуникация башкармалыгы тарабынан даярдалган “Түркияны кулатуу мүмкүн эмес” аттуу кыска метраждуу тасмасы тартууланды.

Андан соң Түркия президенти Режеп Тайип Эрдогандын видеокайрылуусу көрсөтүлдү: “15-июлда түрк эли өзүнүн тарыхында көтөрүлүшчүлөргө каршы күрөшүү менен буга чейин топтогон баалуулуктарыбызды чыккынчыларга тебелеткен жокпуз. Биз жаныбызды берсек дагы баалуулуктарыбызды сактап калдык. Анда курман болгон шейиттердин ар бири өзүнчө тарых жана өзүнчө үлгү. Алардын баатырлыгы кылымдар бою муундан-муунга айтылып калат. Түрк элин тарых баракларынан тазалоо, түрк элин чөгөлөтүү мүмкүн эмес экенин бир кол - бир муштум болуп далилдедик. 15-июль тарых барактарында алтын тамгалар менен жазылып калды. Мындай окуялар кайрадан кайталанбашы үчүн керектүү аракеттер жасалды. Демократиябызды коргоодо чыккынчыларга жол берилбейт.”

Түркия Республикасынын президентинин аппаратынын Коммуникация башкармалыгынын башчысы жана КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, проф. Фахретдин Алтун 15-июль - демократиянын душмандарына каршы бир муштум болуп түйүлгөн күн экенин белгиледи: “2016-жылдын 15-июлунда бүтүндөй түрк эли чыккынчылыкка каршы бириккен күн. Элибиз демократиябызды жок кылууну каалагандарга татыктуу жооп кайтарды. Президентибиздин: “Мен элдин бийлигинен башка эч бир күчтү тааныбайм!”- деген сөзү аркылуу элибиздин көтөрүлүшчүлөргө каршы чыгышы Түркияда демократияга жат көрүнүштөргө орун жоктугун далилдеди.”

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору Алпаслан Жейлан Түркиядагы чыккынчылардын көтөрүлүшүнүн максаты башкарууну гана алмаштыруу эмес, бүтүндөй түрк элин тарыхтан өчүрүү болгонун билдирди: “Тилекке каршы, бүгүнкү күндө Түркиянын чыныгы географиялык аймагы Борбордук Азия экенин билдирип, түрктөрдү Анадолу аймагынан жок кылууну каалаган тараптар жок эмес. ФЕТО террордук уюму дүйнө үчүн бир коркунуч. Түрк дүйнөсү бул коркунучтан кабардар болушу керек. “Манас” университетинин өкүлү катары, бул террордук уюмду Түрк дүйнөсүнүн жаштарына туура түшүндүрүү-биздин милдет. Түрк улутунун келечекте кыйынчылыктарга туш болбоосу үчүн колубуздан келгенин жасайбыз жана буга өзүбүздүн салымыбызды кошушубуз керек. 15-июль күнү биз жаңы Түрк дүйнөсүнүн кылымын түздүк. Биз ар дайым “15-Июль Демократия жана улуттук биримдик күнүндө” курман болгондордун жаркын элесин терең урмат-сый менен эскеребиз.”

Иш-чаранын жүрүшүндө КТМУнун Коммуникация факультетинин Журналистика бөлүмүнүн башчысы, доц. док. Эрдоган Акман «15-июлга чейинки ФЕТО жана психологиялык согуш журналистикасынын медиа түзүлүшү» аттуу баяндама жасады.

# Азербайжандык ишкер Нусрет Мамедовдон КТМУга тарыхый мурас

ЖМК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

***Жолугушуунун жүрүшүндө Нусрет Муса оглы Мамедов 2011-жылы элден чогулткан 42 тарыхый экспонатты «Манас» университетине тартуулады.***

Аталган экспонаттар ректор Алпаслан Жейландын демилгеси менен университеттин Археология жана этнографиялык музей-лабораториясына жайгаштырылды.

Аталган эстеликтер ректор Алпаслан Жейландын демилгеси менен университеттин Археология жана этнографиялык музей-лабораториясына жайгаштырылды.

Мамедов тапшырган эмгектердин арасында Бакунун эркиндиги үчүн күрөшкөн Кавказ Ислам армиясынын башчысы Нури Пашанын колдонгон самоору менен подносу да бар.

Жогорудагы буюмдарды «Ашагы Гөйнүк» айылындагы туугандарынан алганын айткан Мамедов өз сөзүндө төмөнкүчө пикири менен бөлүштү: “1918-жылы 130 жоокери курман болгонуна карабай Бакуну куткарып калган Нури Пашанын биз үчүн орду бийик. Күбө болгонубуздай, ал үчүн чай демделген самоор дагы ата-бабаларыбыздан калган мурас катары көптөгөн жылдар бою сакталып келди. Өз кезегинде мен дагы муну “Манас” университетине аманат кылып ыйгарып жатканыма кубанычтамын”.

КТМУнун ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан, проректор, профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк жана башкы катчы, доцент, доктор Октай Өзгүлдүн коштоосунда музей менен таанышып чыккан Мамедов Азербайжан менен Түркия тарыхынын Борбордук Азиянын эң мыкты делген “Манас” университетинде сактала турганына сыймыктанарын кошумчалап өттү.

Мындан тышкары, Нусрет Мамедов университетке кыргыз тилинен азербайжан түркчөсүнө которулган китептерди белек кылды. Аны менен катар Азербайжан диаспорасынын колдоосу менен түркчөдөн кыргызчага которулган Осмон империясы тууралуу тарыхый китепти дагы музейге тартуулай турганын билдирди.

Өз кезегинде ректор Жейлан ишкердин “Манаска” кошкон чоң салымы үчүн ыраазычылыгын айтып, университеттин автордук басылмаларын белек кылды.



Сүрөттө (солдон оңго карай): КТМУнун башкы катчысы доц., док. Октай Өзгүл, КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, Азербайжандык ишкер Нусрет Мамедов, проректор проф., док. Мехмет Сезаи Түрк





Нусрет Муса оглы Мамедов «Манас» университетине тапшырган тарыхый экспонаттар



# Түркиялык дарыгерлер Кыргызстанда биринчи жолу бөйрөк алмаштыруу операциясын жасашты



КАБАР: АНАДОЛУ АГЕНТТИГИ

***Кыргызстандын борбору Бишкекте Түрк кызматташтык жана координация агенттиги тарабынан курулган Кыргыз-Түрк достугу мамлекеттик ооруканасында түрк дарыгерлери тарабынан өлкөдө биринчи жолу бөйрөк алмаштыруу операциясы жасалды.***

Президенттик администрациянын басма сөз кызматы билдиргендей, президент Садыр Жапаров бөйрөк алмаштыруу боюнча алгачкы операция жасалган 72 орундуу Кыргыз-Түрк достугу мамлекеттик ооруканасында болду. Жапаровду ооруканадан Түркиянын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган, Кыргызстандын саламаттыкты сактоо министри Гүлнара Баатырова, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин проректору проф. док. Мехмет Сезаи Түрк жана эки өлкөнүн дарыгерлери менен оорукана кызматкерлери тосуп алышты.

Оорукана жетекчилиги мекеме ушул сыяктуу операцияларды жасай баштаганын, бул үчүн оорукана көп өлкөлөрдө жок заманбап медициналык жабдуулар менен жабдылганын жана квалификациялуу кызматкерлери бар экенин билдирди. Кыргызстандын дарыгерлери Түркиядан келген дарыгерлердин жардамы менен практикалык тажрыйбага ээ болуп, бөйрөк алмаштыруу операцияларын өз алдынча жасай баштаары айтылды.

**- Өлкөдө биринчи жолу бөйрөк алмаштыруу операциясы ийгиликтүү болду**

Оорукана жетекчилиги өлкөдө биринчи жолу жасалган бөйрөк алмаштыруу операциясы ийгиликтүү өткөнүн билдирди. Президент Жапаров бейтаптарга зыярат кылып, алардын ден соолугу жана ооруканадагы абалынан кабар алды (сүрөттө). Жарандардын мындан ары кымбат баалуу операциялар үчүн чет өлкөгө чыгууга муктаж болбой турганын белгилеп: “Чет өлкөдөгү 50-60 миң долларлык операциялар эми Кыргызстанда болжол менен 10 миң долларга айланат. Мындан улам жергиликтүү адистер башка өлкөлөрдөн келген бейтаптарды тейлей алат.” – деди. Ошондой эле, өлкөдө бөйрөк оорусунан жабыркаган 2600 бейтап бар экенин жана жылына бюджеттен 2 миллиард 500 миллион сом (28 миллион долларга жакын) диализге бөлүнөрүн кошумчалады.

**- Жапаров Түркияга ыраазычылык билдирди**

Оорукананын жыйындар залында түрк дарыгерлери менен жолуккан Садыр Жапаров Түркияга Кыргызстандын саламаттык сактоо тармагына колдоо көрсөткөндүгү үчүн өзүнүн жана кыргыз элинин атынан ыраазычылык билдирди. Ал түрк дарыгерлеринин Кыргызстандагы бардык суроо-талаптарын канааттандырууга жана алар үчүн өлкөдө бардык шарттарды түзүүгө даяр экенин айтты. “Келечекте чет элдик жарандардан мындай операцияларга суроо-талап жогоруласа, бейтаптарды көбүрөөк кабыл алуу үчүн жер аянтын кеңейтүү керек”- деди президент.

Жапаров, Кыргызстанда саламаттык сактоо тармагын өнүктүрүүгө жана медициналык кадрларды даярдоого кошкон зор салымы үчүн Түркиянын Саламаттык сактоо министрлигинин тышкы байланыштар жана Евробиримдик боюнча башкы директору док. Ал Селами Кылычка жана Түркиянын Тез жардам кызматтары жана чет өлкөлөрдөгү саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы Мустафа Ташкынга ардак грамота тапшырды.



Сүрөттө (солдон оңго карай): Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров, Түркиянын Саламаттык сактоо министрлигинин тышкы байланыштар жана Евробиримдик боюнча башкы директору док. Селами Кылыч

# Ректор Жейлан ТүркПАнын Башкы ассамблеясына катышты

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан Түркияда өткөн Түрк мамлекеттеринин Парламенттик Ассамблеясынын (ТүркПА) 12-Башкы ассамблеясына катышты.***

**Түрк мамлекеттеринин окуу жайларына үлгү болгон "Манас"**

Башкы ассамблеянын жүрүшүндө Түркия Улуу Улуттук жыйынынын экс-төрагасы Мустафа Шентоп, "Манас" университети Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө өлкөлөрдөгү окуу жайлар үчүн үлгү болуп келерин айтты. Муну менен катар КТМУнун мындан ары да көп тармактуу билим берүүсү үчүн колдоо көрсөтүлө турганын баса белгиледи.

**Төрага Шентоптон окуу жайга колдоо**

КТМУ ректору Алпаслан Жейлан өз кезегинде мурдагы төрага Шентоптун академик катары географиялык алкактагы тилектештиктен улам "Манас" университетине дайым колдоо көрсөтүп келгенине токтолуп, окуу жайдын ар бир көйгөйүн чечүүгө кызыктар болгону үчүн терең ыраазычылык билдирди.

**"Манастын" үлгү көрсөтүлүшү - жаңы жоопкерчиликтер**

Андан сырткары, ректор "Манастын" Түрк мамлекеттер уюмунун курамына кирген өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларына өрнөк катары көрсөтүлүүсү кубаныч тартуулоо менен бирге жоопкерчиликти дагы арттыра турганын кошумчалады.

**ЖК төрагасы Шакиевдин университетке көрсөткөн урматы**

Ал эми Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы Нурланбек Шакиевдин университетке жасаган буга чейинки жеке иш сапарын "Манастын" кылган кызматы үчүн көрсөтүлгөн сый-урмат деп баалады. Жейландын пикиринде, КТМУнун башка мамлекеттик мекемелер менен кызматташуусуна төрага Шакиевдин кошкон салымы зор.

**КТМУга ишенген өлкө башчылары**

Профессор, доктор Алпаслан Жейлан билдиргендей, Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайип Эрдоган менен КРнын Президенти Садыр Жапаров "Манас" университетине өзгөчө маани берип, сапаттуу билим үчүн түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү түзүп келет. Айрыкча, окуу жайдын эмгек жамааты президент Эрдогандын аталган ЖОЖду дүйнөлүк брендге айландыруу тапшырмасынын негизинде тыгыз иш алып барууда.

**Жакшы иште жарышкан "Манас"**

Режеп Тайип Эрдогандын билим берүүдөгү ийгиликтерге улай адамдарга колдоо көрсөтүүгө да маани бере турганын эске салган Жейлан "Манастын" бул жаатта да ийгиликтүү экенин айтып, балдар бейтапканаларына жана Даун синдрому менен жабыркагандар үчүн кайрымдуулук иш-чаралары, "Манас айылдарын кыдыруу" сыяктуу долбоорлор өткөрүлгөнү тууралуу кеп кылды.

Ага катарлаш, "Манас" университетинин президент Жапаровдун "Жашыл мурас" долбооруна чоң колдоо көрсөткөн мекемелерден бири экендигин белгилеген Алпаслан Жейлан "Жашыл кампус" жана "Түрк дүйнөсүнүн ботаникалык бакчасы" долбоорунун алкагында Чыңгыз Айтматов атындагы кампусту жашылдандыруу иштери кызуу жүргөндүгүн айтып өттү.

**Улуу Түрк дүйнөсүнүн башаты болгон университет**

Профессор Жейлан "Манастын" Улуу Түрк дүйнөсү максатынын аркасында Чыгыш Европа, Түндүк Африка жана Балкан өлкөлөрүнө чейин иш алып баруу аймагын кеңейтүү ниети бар экендигин билдирди. Ал белгилегендей, окуу жай дүйнө коомчулугу тарабынан Түрк дүйнөсүнүн орток университети катары кабыл алынышы керек.

**"Орхун" тууралуу эки ооз кеп**

Андан сырткары, ректор "Манас" университети Түрк университеттер ассоциациясына мүчө болгон жогорку окуу жайлардын студенттери менен мугалимдеринин "Орхун" алмашуу программасынын башкы катчылык милдетин аркалап келе жатканын эске салды. Жейлан кошумчалагандай, аталган программанын бюджети ТүркПАнын колдоосу менен министрлер тарабынан сунушталып, өлкө башчылары тарабынан бекитилип келет.

**Түрк дүйнөсүнүн жаштары үчүн жаңы долбоор**

Түрк дүйнөсүнүн жарандыгы тууралуу пикирди калыптандыруу жана ар тармактуу кызматташууну арттыруу максатында жогорку билим берүү



КАБАР: МЕДИАМАНАС КОТОРГОН: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ



Сүрөттө (солдон оңго карай): КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, ТҮРКСОЙдун баш катчысы Султан Раев

мекемелеринин координаторлору менен бирге "Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы" долбоорунун ишке ашырылганына токтолгон Алпаслан Жейлан чоң кызыгууну жараткан долбоорго бардык окуу жайлар кошулуусу керек экенин баса белгиледи.

**Чет өлкөлүк депутаттардан алкоо**

Өз кезегинде, ТүркПАнын 12-Башкы ассамблеясына Азербайжан, Казакстан жана Түркиянын атынан катышкан эл өкүлдөрү, профессор, доктор Алпаслан Жейландын ойлоруна жылуу пикирлерин айтып, түрк дүйнөсүндө чоң орду бар "Манас" университетинин долбоорлорун колдоо өз өлкөлөрүндөгү окуу жайлардын ийгилигин арттыруу менен бирге түрк дүйнөсүнүн ынтымагын бекемдейт деген ишеничтерин билдиришти.

**Эл өкүлдөрүнүн башын бириктирген ассамблеянын мааниси**

Башкы Ассамблеяда Түрк Улуу Улуттук жыйынынын экс-төрагасы Мустафа Шентоп көз карандысыз түрк мамлекеттеринин парламент мүчөлөрү ортосундагы мамилелер жана кызматташтыктардын маанилүү экендигине токтолуп, төмөнкүдөй оюу менен бөлүштү: "Биздин каалаганыбыз - ТүркПАнын алдында түрк мамлекеттеринин парламент өкүлдөрүнүн башын бириктирүү. А бүгүн биз жаркын келечегибизди курууга багыт алган жолдо чыныгы бир туугандардай баарыбыздын тилектеш экенибизди, позициябыздын бекемдигин далилдедик".

**Кыргызстанга ыраазычылык**

Ал ортодо Мустафа Шентоп Түркия Улуу Улуттук жыйынынын Президенттик кеңеш залында Ассамблеяга келген кыргызстандык коллегасы Нурланбек Шакиев менен жолугушту. Анда Шентоп КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлеринин февраль айында Кахраманмарашта болгон жер титирөөдөн кийинки издөө-куткаруу иштерине жигердүү катышкандыгы үчүн Кыргыз өлкөсүнө дагы бир жолу ыраазычылык билдирди.

**ТүркПАга жаңы мүчө**

Ассамблеянын соңунда Түндүк Кипр Түрк Республикасы ТүркПА Кеңешинин жалпы чечими менен ТүркПАга байкоочу мамлекет катары бекитилди.



# Түркиядагы жер титирөөдөн жабыркаган аймактарга КТМУдан "Виртуалдык реалдуулук лаборатория" жардамы

***Кыргыз-Түрк "Манас" университети "Biruni VR-LAB" долбоорунун алкагында 6-февралдагы жер титирөөдөн жабыркаган аймактарга "Виртуалдык реалдуулук лабораториясы" колдоосун көрсөттү.***

2022-жылдын 22-мартында Кыргыз-Түрк "Манас" университетин санариптештирүүнүн алкагында "Biruni VR-LAB" лабораториясында Борбордук Азиядагы алгачкы VR-LAB долбоорун таанытуу болуп өткөн. Ошол мезгилден бери КТМУ бул тармакка көп суммада инвестиция жасап, көптөгөн студенттерге колдоо көрсөттү.


Кыргыз-Түрк "Манас" университети 6-февралда Түркиядагы жер титирөөдөн катуу жабыркаган аймактарда билим алган жаштарды колдоо максатында 5 аймакка AR&VR лаборатория куруп берди.

Аталган программаны Газиантеп университетинин Туризм факультетинин деканы, профессор Эрдал Бай уюштуруп, биринчи этапта Хатай, Газиантеп жана Османие аймагында лабораториялар курулуп бүттү. Килис шаарындагы Килис лицейинде да лаборатория курулду.

Лабораториянын ачылышына КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан онлайн форматта катышып, жер титирөөдөн жабыркаган окуучуларга колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонуна кубанып турганын билдирди.

Эрдал Бай виртуалдык чындык лабораториясы аркылуу студенттерге сапаттуу билим берүү мүмкүн экенин белгиледи.

"Кыргыз-Түрк "Манас" университети жана ректор Алпаслан Жейланга өзгөчө ыраазычылык билдирем. Сиздердин жардамыңыздар менен жаштарыбыз жаңы технологиялар аркылуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп отурат. Бул иштердин башталышы гана болууда. Учурда жаңы билим берүү системалары пайда болду, жаңы чакырыктарга жооп берүү үчүн виртуалдык чындык технологияларына муктажбыз. Виртуалдык чындык аркылуу студенттер бардык сезимдери менен билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Бул лабораториянын ачылышы




ММК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

"Манас" университетинин билим берүү сапатын жаңы деңгээлге көтөрүүгө себеп болот",- деди Эрдал Бай.

Иш-чарага Килис аймагынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы М. Эмин Аккурт катышып, Эрдал Байга жана КТМУга ыраазычылык билдирди.

Ал жаштарга билим берүүдө жана аларга мамиле жасоодо лабораториянын орду өзгөчө экенин кошумчалады.

Лаборатория жаңы профессионалдык компьютерлер, компьютердик көз айнектер, такта жана телевизор менен камсыз кылынган.

Социалдык, табигый, медициналык жана спорттук предметтерге тиешелүү буюмдар менен камсыздалган лабораторияда практикалык көнүгүүлөрдү аткарууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Аталган лабораторияда студенттер КТМУ тарабынан даярдалган виртуалдык чындык технологияларынын мазмунун жана булактарын акысыз колдонууга болот.

# "Манас" Токтобүбүнү Түркияга эс алууга жөнөттү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бүтүрүүчүсү Токтобүбү Апсатар кызы үй-бүлөсү менен Түркияда эс алуу үчүн жөнөтүлдү. Токтобүбүнүн университетте окуу кыялын орундатып, университеттин бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн акысыз пайдаланууга шарт түзгөн КТМУ ректору, профессор Алпаслан Жейлан эми Токтобүбүнүн Түркияны көрүү кыялын ишке ашырды.

"Манас" университетинин аталган социалдык жоопкерчилик программасына "Түрк аба жолдору" жана "Улусой Кемер Холидей Клуб" мейманканасы жана башка уюм, мекемелер колдоо көрсөттү.

Токтобүбү үй-бүлөсү менен Түркиянын Кемер аймагында эс алгандан кийин ден соолугун реабилитациялоо үчүн Стамбул шаарына жөнөтүлөт.




ММК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

Сүрөттө: Токтобүбү Апсатар кызы үй-бүлөсү менен Түркияда

# Манас университети Болливуд тасмасында

Алдынкы окуу жайлардын катарына кирген "Манас" университетинин заманбап жана коз кампусу Болливуд киносунун тасма талаасына айланды.

Болливуд жана Голливуд менен бирге кинодолбоорлорду жаратып келген атактуу актер жана режиссер Адам Саини Кыргызстанда тартылган "Scar" ("Тырык") киносунун бир бөлүгү үчүн тасма талаасы катары Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кампусундагы аймактарды тандап алган.

Адам Саини тасма тартуу иштерине Кыргызстандын мурдагы Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов колдоо көрсөткөнүн, ар тармакта алдыңкы болуп, өзгөчө искусствого чоң маани берген "Манасты" доступтун университети катары тааныштырганын жана ушул себептен "Манас" университетин өз тасмасы үчүн тандап алганын белгиледи.

Азамат Жаманкулов, Адам Саини, режиссер Кумар Мариш жана кеңешчиси Дуглас Маккенна окуу жайдын ректору Алпаслан Жейлан менен жолугушуп, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин өлкөбүзгө жана искусствого кошкон салымы, тарых, салттуу оюндар жана спорт тууралуу баарлашышты. Мындай баалуу университет фильмдин дагы баалуулугун жогорулатып, ийгилик алып келерине ишенерин айткан режиссер аларды жылуу кабыл алган окуу жайдын ректору проф. док. Алпаслан Жейланга терең ыраазычылык билдирди.

Фильмди тартууда негизинен кампустун ачык аймактары жана Чай бакчасы колдонулган. Тасма күз айларында дүйнөнүн бардык кинотеатрларында көрсөтүлүп баштайт.



КАБАР: МЕДИА МАНАС / ФОТО: МЕДИА МАНАС

# Ректор Алпаслан Жейлан Түрксой уюмунун жыйынына катышты

ММК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

2023-жылдын 2-3-сентябрь күндөрү Түркиянын Анкара шаарында ТҮРКСОЙ уюмуна мүчө мамлекеттердин маданият министрлери жана Түрк кызматташтыгынын башка уюмдарынын жетекчилери катышкан уюмдун туруктуу кеңешинин жыйыны болуп өттү. Ага университеттин атынан ректор, профессор Алпаслан Жейлан жана окуу жайдын башкы катчысы, доцент Октай Өзгүл катышты.

Жолугушууда ректор Алпаслан Жейлан Кыргыз-Түрк «Манас» университети ТҮРКСОЙ уюмунун иштерин ар дайым колдой турганын айтып, кызматташууга даяр экенин билдирди.

Ошондой эле ТҮРКСОЙдун баш катчысы Султан Раев Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Түрк дүйнөсүнүн билим берүү тармагынын өнүгүшүнө кошкон салымын жогору баалап, университеттен ийгиликтүү жаштар тарбияланып жатканын баса белгиледи.

Жыйында ТҮРКСОЙ уюмунун 2024-жылга карата түзүлгөн келечек иш-пландары жана алдыдагы максаттары каралды.



Сүрөттө (ондон солго карай): КТМУнун башкы катчысы доц. док. Октай Өзгүл, КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан, ТҮРКСОЙдун баш катчысы Султан Раев



# Нуриза Өмүрбаева: "Капкалуу шаар, кайрымы жок күндөрдөн, Качып келип деңиз болду сыйганым"



Сүрөттө: Акын Нуриза Өмүрбаева

*Акындардын дүйнөсү баарынан башкача, өзгөчө сезимтал жана ой-пикирге бай сезилет. Жөн адамга бири-бирине куюлушуп уйкашкан сөздөр, ошол сөздөр жараткан чексиз мазмун таң калычтуу, ары сыйкырдуу көрүнсө керек. Биз бул санымызда дал ошондой, окуган адамды терең ойго чөмүлтүп, өзүнө арбап алган ырлардын ээси, талантуу акын Нуриза Өмүрбаева эжебиз менен баарлаштык.*

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА

***- Нуриза эже, акындардан ыр жазуу боюнча эки бөлөк пикирди угуп жүрөм. Кээ бирлери ырыма өздүк жашоомдун тиешеси жок дешсе, кээ бирлери ырларым жашоом менен тыгыз байланышкан деп айтышат. Сиз кайсынысына кирерсиз?***

- Мен экинчи катарга кирет окшоймун. Ырларым жашоом менен тыгыз байланышта эле эмес, ырларым менин жашоом, дүйнөм, сезимим. Ар бир эле ыр жазган адам, өзүнүн көзү менен көргөнүн, жүрөгү менен сезгенин жазат. Маселен, бир таш, же бир дарак жөнүндө жазып жатсаң, ошол ташты же даракты жок эле дегенде кантип көрүп турганыңды ырыңа кошосуң. Жашооңо тиешеси жок болса да, ырдагы сезим, ой сага тиешелүү болот. Ошол себептен ар бир ыр менин жүрөгүм менен тыгыз байланышта.

***- Жакында жарык көргөн китебиңиз тууралуу сурагым келип турат. Эмне үчүн аталышы "Бейтааныш бекет"?***

- Мен он жылдан бери Мекенден алыс жүргөн мигрантмын. 2013-жылы "Ай менен сырдашуу" аттуу китебим жарык көргөндөн кийин чет жерге кеткем. Жаңы китепке ушул аралыкта жазылган ырларым кирди. Чоочун жерде жүргөн адам үчүн бардык нерсе бейтааныш боло берет. Өзүңдүн Мекениңден алыс чыккан кезде, жолдон тартып, сен барган жердин жазы, жамгыры, шамалы, бекети, адамдары деги койчу, баары сага бейтааныш, чоочун. "Бейтааныш бекет" аталып калганынын себеби ушунда.

***- Акындын ар бир ырынын тарыхы болсо керек. Сиздин "Деңизге" деген ырыңыз кантип, качан, кайда жаралган?***

- Ырды жакшылап баам салып окуп көрсөк, өзү бардык суроолорго жооп берип турат.

*Капкалуу шаар, кайрымы жок күндөрдөн,*
*Качып келип деңиз болду сыйганым.*
*Шамал чачып сапырылган дүйнөмдү,*
*Жылдар өтүп эми араң жыйнадым.*

Деңизге алгач келген кезде ушундай маанай менен келгем. Ошондо ушул ыр жазылып, башталып калган. Бирок, башы бар аягы жок болуп, 2-3 жыл ар кайсыл жерде жүрдү. Кийин улантып жазып кеттим.

***- Демек, бир ыр кээде көп убакыт талап кылат экен да. Ошол ырларды жаратууда эмнелерден эргүү аласыз?***

- Башкалардан көбүнесе угуп калганымдай жакшы музыкадан, жамгырдан, шамалдан эргүү алып ыр жазып көргөн эмесмин. Көп учурда оюма бир сап же бир ой келип калат. Ошону жазып коём дагы, ойлонуп жүрө берем. Мен ыр жазууда эмес, ырды жазып бүткөндөн кийин эргүү алам десем туура болот. Анткени айтайын деген оюмду жакшы жеткирип, ырым көңүлүмдөгүдөй чыгып калса, кадимкидей сүйүнөм.

***- Сиз акындыктан сырткары бир жылдары журналист болуп эмгектенген экенсиз. Эгерде жашоодо жаңыдан кесип тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе, кайсыл кесипти тандамак элеңиз?***

- Жакында эле үйдө бир нерсе жазып олтурсам сиңдимдин кызы жаныма келип: "Эмне ыр жазып жатасызбы?"-деп сурайт. Мен: "Жок, аңгеме",- дедим.

*- Сиз кийин ким болосуз?*
*- Мен болбодумбу,-деп шашып кеттим.*
*- Ким болдуңуз? - деп такыды. Ошондо ким болгонумду так айта албай койдум.*

Ушул кичинекей маекти сизге айтып берип жатканымдын себеби, мен толук кандуу бир кесиптин ээси болдум деп айта албайм. Өзүмдүн кесибим мугалим. Ошентсе да, окууну бүтүргөн соң кесибим менен иштеген жокмун. Ооба, 2-3 жылдай ЭлТРде журналист болуп эмгектенип жүрдүм. Кийин токтотууга туура келди. Андан бери өтө көп кесип алмаштырдым. Менимче, кесипке тиешелүү белгилүү бир максатым жок окшойт деп ойлоп кетем. Болгондо тырышып, баш отум менен өзүм сүйгөн адистикти аркалап жүрмөкмүн. Эгерде, кесипти эмес, жаңыдан жашоону тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе, кайрадан ушул эле жашоомду тандамакмын.


***- Жакында эле Чыныбай Турсунбеков атындагы адабий сыйлыкты алдыңыз. Кандай сезимде болдуңуз?***

- Чынын эле айтайын, аябай сүйүндүм. Сыйлыкка же байгеге эмес, мени сыйлыкка ылайык көргөн адабий чөйрөдөгү агай-эжелердин пикирлерине, куттуктоолоруна өзгөчө сүйүндүм. Баары бир оздон "Татыктуусуң" деп жатышты. Ушул сөздүн өзүндө канча сыйлык бар дейсиз. Ошол эле учурда жоопкерчилиги да бар. Аны да туюп турдум.

***- Бакыт жөнүндө ыларыңызда көп айтылат экен. Бакыт сиз үчүн эмне?***

- Бакыт – мен үчүн телегейиң тегиз болуп турган бир учур, же маанай. Тагырааргы, маанайга, учурга жараша эле бактысыз, бактылуу боло берем. Мисалы, ушул учурда бактылуумун. Ата-энем, жакындарым аман-эсен, ден соолугум чың, курсагым ток, кийимим бүтүн. Бактысыз кыла турган көйгөйлөрдү эч ойлонбостон сиз менен маектешип олтурам. А эгер жашоону татаалдатып карап, аңтарып, аркы-беркини ойлончу болсом, сөзсүз түрдө бактысыз болуп чыга келишим мүмкүн. Менин ичимдеги бакыт маанайга жана учурга жараша өзгөрүп турат.

# “Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары дүйнөгө чыгууга чоң мүмкүнчүлүк”



Сүрөттө: Маданияттын мыкты кызматкери, Кыргызстан кол өнөрчүлөр кеңешинин координатору, архитектор-дизайнер, айкелчи, сүрөтчү, этникалык-чыгыш оюулары боюнча адис Нурзат Жээнбек кызы.

*Маданияттын мыкты кызматкери, Кыргызстан кол өнөрчүлөр кеңешинин координатору, архитектор-дизайнер, айкелчи, сүрөтчү, этникалык-чыгыш оюулары боюнча адис Нурзат Жээнбек кызы 1979-жылы Нарын районунун Достук айылында жарык дүйнөгө келип, чыгармачыл инсандардын үй-бүлөсүндө чоңойгон. Ар кандай стилдеги архитектуралык курулуштарды, ресторан, мейманкана жана үйлөрдү жасалгалайт. Андан сырткары устачылык, жүндү кайра иштетүү, жүндөн жана экологиялык таза чийки заттардан (сырье) туюк же болбосо тигиши жок айкел кийимдерди жасоо менен алектенет. Чет өлкөгө көргөзмөлөр менен көп чыккан кыргыз кол өнөрчүсү жашоосу, чыгармачылыгы жана максаттары жөнүндө айтып берди.*

КАБАР: АЙГЕРИМ МАМАТОВА

**“Ар дайым изденүүдөмүн”**

Чоң атам мал чарбасы менен алектенгендиктен тоо койнунда чоңойгом. Апам, Жамбы Карыбекова, шырдак боюнча уз аялдардын бири, Кыргызстан кол өнөрчүлөр кеңешинин төрайымы. Ата-энем маданиятка, кыргыздын көчмөн салттуулугуна жана үч жолу болуп өткөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына салым кошкон адамдар. Бир туугандарымдын баары чыгармачыл инсандар, мени ар дайым колдошот. Кол өнөрчүлүккө кызыгуум 5-6 жашымда башталган. Нарын облусундагы кесиптик лицейдин архитектура жана сүрөт, көркөм өнөр бөлүмүн бүтүргөнмүн. Университетте модельер кесиби боюнча билим алганмын. Ар тармакта окуп, дайыма билимимди өркүндөтүп келатам. Марат Огобаев деген көрүнүктүү айкелчи агай устатым болот. Муздак темир, жыгач иштетүү, айкел кийимдерди жасоо боюнча устаканаларым бар.

**“Биздин устаканалардын айырмачылыгы ар тармактуулугунда”**

Кол өнөрчүлүгүмдүн башкалардан өзгөчөлүгү салттуу билим менен катар эле дизайнга туура келген заманбап, жаңы көз караштагы паннолорду жасайм жана кийимдердин дизайнын түзөм. Сулуулук табият менен эриш-аркак байланышта. Экологиялык таза жана көркөм өнөрдөгү сүрөттөрдү тартууга аракет кылам. Менин жумуштарымдын көбү көлөмдүү. Алардын эң чоңу шыпка, дубалга жасалган паннолор болуп эсептелет. Жасаган эмгектерим кайра кайталанбайт. Көргөзмөлөргө көп катышканга аракет кылам, дүйнөлүк аренада да жараткан ийгиликтерим бар. Биздин устаканалардын айырмачылыгы ар тармактуулугунда: темир, таш, жыгач устачылыгы жана кийиз менен иштеген устаканаларыбыз бар. Булгаарыны кайра иштетүү, жоголуп бараткан техникаларды кайра жандандырыу, изилдөө менен алектенебиз. Командабызда туруктуу 24 чыгармачыл адам бар, кол өнөрчүлүк жалгыз адамдын колунан келе турган жумуш эмес.

**“Чыгармачыл адам кээде өзүнө убакыт таба албай калат”**

Көптөгөн университеттер менен иштешип келатам. Кыргыз техникалык мамлекеттик университетине, Инновациялык колледжине, Кыргыз Республикасынын көркөм сүрөт академиясына ж.б. мастер класстарды жана жайкы, кышкы практикаларды өтүп келем. 17 жылдан бери 16 искусство тармагы боюча экспертмин жана сабак берем. Шакирттерим бар, жашоодо искусстводо кызыккан адамдарды дайыма бекер семинарларыма чакырып турам. Андан сырткары чет өлкөлүктөргө, республика боюнча мастер класс, тренингдерди өткөрүп турганга аракет кылам. Чыгармачыл адам кээде өзүн караганы убакыт таба албай калат. Бир убакытта 2-3 долбоордо чоң иштерди кылып жүрүп, убакыт тар болуп калат.



**“Колго жасалган буюмдар дайыма талкууда”**

Чет өлкөдө кол өнөрчүлүк жогорку деңгээлде бааланат, кызыккандар өтө көп. Көргөзмөлөргө чакыруулар дагы бар. Чет өлкөлүктөрдүн кызыгуусу чыгармачыл адамга көп шыктандыруу берет, изденүүнү талап кылып, алдыга жылганга түрткү болот. Көбүнчө эмгектерибизди Жапония, Америка, Европа өлкөлөрү, Аляска, Швейцария жб. өлкөлөргө сатабыз. Дүйнө жүзү боюнча эксклюзивдүү, колго жасалган буюмдар дайыма талкууда жана аларга суроо-талап жогору. Алар көптөгөн эмгекти, убакытты жана профессионалдуулукту талап кылат.

**Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарында кол өнөрчүлөр**

Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарына коозduктарды жасап, салттуу билимди алып чыгууда бүткүл кол өнөрчүлөрдүн салымы айбагандай чоң болду. Музыканттарга кийим тигип, студияларды жасалгалаган кол өнөрчүлөр болду. Көчмөндөр оюндары аркылуу маданиятыбызды өнүктүрүп, элге тартуулап, дүйнөлүк деңгээлге чыгууга, ийгиликтерди жаратууга чоң мүмкүнчүлүк бар деп ойлойм.

**Жасалган эмгектердин мааниси**

Эң алгачкы коллекциям “Ойгонгонго чейинки көз ирмем”. Ойгонгонго чейинки көзгө көрүнбөгөн убакыт ченеми жөнүндө мистикалык, фантастикалык коллекция. Адамдар түшүн жашоо менен дайыма байланыштырып келишет, ошол байланышты бергенге аракет кылгам. “Көпөлөктүн төрөлүшү” деген коллекциям бар. Ал көпөлөктүн жаралуусу, бир материядан экинчи материяга өтүү жолун баяндайт. Ушул коллекциям көптөгөн көргөзмөлөрдө 1-орунду алды. “Белес” деген коллекциям тоолордун арасындагы убакытка багынбаган баалуулуктар жөнүндө. Мында Бугу эненин элеси берилген. Жаратылышка туура мамиле кылуу, бугу, маралдар менен байланышкан бир уламыштар жөнүндө болгон. “Үзүлө элек гүлдөр” деген коллекциям да бар, мында кыз менен гүл салыштырылып, алардын, сулуулугу көрсөтүлөт. Анда адамдын махабатка, сүйүүгө болгон аяр мамилесин билдирген “Сүйүүң терең болбосо, кызга тийбе!” деген чакырык камтылган. “Томого” деген коллекциям бүркүт менен кыздын окшоштугу, сулуулугу, кереметти жөнүндө. “Бурут” деген коллекциям кыргыздын салттуулугу, дүйнөгө болгон көз карашы жөнүндө. “Жылуу таш” деген коллекциямда таштын жылуулугун, сулуулугун бергенге аракет кылдык. Таштын көп кылымдар бою келаткан тарых сыры болуш керек деп ойлойм. Азыркы учурда микроскоп менен көрүнгөн, өз дүйнөсү менен жашап келаткан өсүмдүктөрдүн жашоосу, микро дүйнө жөнүндө жаңы коллекция түзүп жатам.

**“Шырдак кол эмгегин, көз майын талап кылат”**


Шырдак эки же андан көп түрдө болот. Бул эгиз шырдактар деп аталат. Дайыма 2 же 3 түстөгү кийиздерди даярдап алып, кийизге оюуларды тартабыз. Анан оюу боюнча кесилип алынат. Ак кийизге караны, кара кийизге акты кошуп бөлүштүрүп алабыз. Ортосуна жибек коюлуп жөрмөлүп (тигилип) чыгат. Андан кийин шырылчу кийизге кабатталып кичинекей шырык берилип шырылат. Акырында үтүктөлүп, жээги(чет жагы) берилип, ошол менен даяр болот. Бул кол эмгегин, көз майды талап кылат.

**“Эл баалаган жумуш-эң жакшы жумуш”**

Алдыга койгон максаттарым кыргыз салттуу жана заманбап өнөрлөрүн алдыга жылдыруу, өркүндөтүү. Дүйнөлүк платформада кол өнөрчүлүк тармагын өнүктүрүүнүн сратегиялык планын жазгам. Азыркы учурда менин демилгем менен оюулардын мааниси жөнүндө “Шырдак баяны” деген китеп жазып жатабыз. “Улуттук оймо-чиймелер электрондук вектордук китеби” деген электрондук санариптештирүү китебинин үстүндө командабыз менен 3 жылдан бери иштеп келе жатабыз. “Устаттан шакирт өтөт” дегендей шакирттеримди даярдап келатам. Элдин суроо-талабы менен жаңы муундарды өстүрүүгө аракет кылам. Бул тармактын келечеги кең деп ойлойм. 2015-жылы ”Маданияттын мыкты кызматкери” наамын алгам. Негизи сыйлыктарга көп кызыга бербейм. Эл баалаган жумуш – эң жакшы жумуш.







Нурзат Жээнбек кызынын эмгектери



Сүрөттө: Айпери Аралбаева

# Кыялга карай сапарым...

**Атым Айпери. 28 жаштамын. Учурда жогорку окуу-жайда билим алып, ошону менен бирге психологиялык колдоо көрсөтүү боюнча коомдук уюмдардын биринде администратор болуп иштейм**

Азыркы доордо жогорку билимиң менен эч кимди таң калтыра албайсың. “Окуганды билсең эле, дипломго жетсе болот” деп көп угам. Балким, айрым адамдар үчүн бул дүкөндөн соода кылып келген сымал эле сезилеттир. Бирок кээ бирлери үчүн бул жашоосундагы чоң жетишкендиги болушу мүмкүн. Мисалы, оор турмуштун кесепетинен күндүзү окуп, түнү иштегендер, же жакындары каршы болсо да, эңсегенинен баш тартпагандар үчүн. А балким, мен сыяктуу ден соолугуна байланыштуу төрт дубалга камалууга макул болбогондор үчүн.

### Мектепке баруудан баш тарткам

Менин I даражадагы майыптыгым бар. Ушундан улам 9 жашымда гана мектеп босогосун аттадым. Билим алуу, кыздар-балдар менен баарлашуу, ойноп-күлүү - ошондогу кичинекей кыздын кыялы эле. Бирок ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет экен. Ал кезде өз алдымча баса албаганым үчүн, кыйынчылыктар жаралды. Айрыкча, психологиялык басымды көтөрүш абдан оор болду. Себеби, ал куракта дискриминацияга жана буллингге кабылууга даяр эмес элем.

Ошентип, 3 айдан кийин мектепти таштаганга туура келди. Аптасына 2-3 жолу үйдөн окуй баштадым.

### Алгачкы мотивациям балмуздак болгон

Бутума 14 жашымда балдак менен турдум. Акырындан ары-бери басканга үйрөнө баштадым. Отурам, турам, бир-эки кадам таштайм, чарчайм, отурам. Ошол күндөрдү азыр эстесем күлкүм келет. Маанайым көтөрүлө түшөт. Кызыктын баары ошол учурда башталды.

### Бир туугандарым өз алдымча баса баштаганымда мени басууга түртө турган амал ойлоп табышыптыр.

Балмуздакты абдан жакшы көрөт элем. Агам балмуздакты мотивация катары колдонолу деп сунуштаптыр. Ошентип, үйдөгүлөр жаңы эреже киргизишти: эгер балмуздак жегим келсе, өзүм дүкөнгө барышым керек. Айла жок, эптеп барып, сатып алып жүрдүм. Балмуздакты жанымдай жакшы көргөнүмдөн, кантип басып барганымды да билбейм.







КАБАР: КУНДУЗ ЭСЕНГУЛОВА

### Ооруканадан жашоомдун маңызын таптым

Ошентип, балмуздакка жетүү эркимди тарбиялады окшойт. Муну кийинчерээк жашоого болгон максатым пайда болгондон кийин түшүндүм.

Жыл сайын ооруканадан бир курс дарыланып чыкчу элем. Бир жылы дагы дарыланам деп ооруканага жатып калдым. Бул жолку дарылануу физикалык жактан гана жардам бербестен, жаңы идеянын дозасын да тартуулады. Ал жерден бир кызды көрдүм. Анын жашоосу оор болуп, абдан кыйналып жүргөн учуру экен. Анын зарын угуп, абалын түшүнгөн бир да киши жок эле.

Кызга боорум ооруду. Жардам бергим келди. Карап туруп түтпөдүм. Бирок өзүм дарыланып жатсам кантип жардам бере алмак элем? Ошондо психологиялык көйгөйлөрү бар адамдарга жардам көрсөткөн дарыгер болгум келерин түшүндүм. Кыргызстанда психологдордун саны аз, бирок жан дүйнөсү жабыркаган адамдардын саны арбын. “Мен дагы элге кызмат кыла алам!” деп бел байладым. Ал оюмдан артка кайткан жокмун. Жашоомдо жаңы умтулуу, жаңы максат пайда болду.

### Университетке тапшырганымды ата-энем билген эмес

Жашоо үчүн максат пайда болгондо, билим алуу маселеси келип чыкты. Келечекке койгон пландарым, психолог болуу максатымды ишке ашыруу үчүн сөзсүз билим алышым керек эле. “Кантип окууга тапшырам? Ата-энем кандай кабыл алат? Мектепте жаралган кыйынчылыктарга кайрадан жолуксам кантем?” деп ичимден кыйналдым. Акыры ойлонуп жатып, эч кимге айтпай аракет кылып көрөйүн деп чечтим. Окуу жайлардын көбү майып адамды кабыл алып, ыңгайлуу шарт түзүп берүүгө даяр эмес экен. Бирок психолог болууну ушунчалык каалагандыктан кыялымдан баш тарта албадым. Балмуздак үчүн өзүмдү аябай баса баштаган мен, келечегим үчүн керек болсо чуркаганга деле даяр элем.

Акыры Эл аралык инновациялык технологиялар университетине тапшырдым. Кубанычымда чек жок. Үйдөн билим үчүн ойго келбеген кыйынчылыктарга дуушар болорумду түшүнүп турсам дагы, “мен эми студентмин! Мен эми кесип ээси болом!” деп өзүмчө кудуңдап сыймыктанып алгам.

Билим алуу жеңил эмес экен. Башында абдан кыйналдым. Бирок окууну таштап салуу оюма дагы келген жок. Ата-энем болсо 2-3 айдан кийин гана окууга тапшырганымды билишти. Абдан таң калышты.

### Билим — адамдын канаты

Мектепке барып билим ала албаган кыз университетке тапшыра алгандан кийин, мындан да чоң ой-тилектерине жете алат деп, ишенимим дагы арта баштады. Билим адамдын канаты экен. Күндөн күнгө жаңы эшиктер ачылып, мүмкүнчүлүктөр көбөйө баштады. Жаңы нерселерди үйрөнүп, көздөгөн келечегимдин пайдубалын кура баштадым. Мындан ары эч кимге көз каранды болбойм! Бирөөлөрдүн көзүн карабай ийгиликке жетким, башкаларды шыктандыргым келгени өзүмдү өнүктүрүүгө түрткү берди. Тынымсыз изденип, көп окуй баштадым. Компьютердик жана кулинардык курстардан өттүм. Психология боюнча тренингдерге жазылып, убактымды ушунчалык аяп пайдаланууга аракет кылдым. Мурунку Айпери менен азыркы Айперинин айырмасы асман менен жердей болуп калды.

Азыр психология бөлүмүндө окуп, адистигим боюнча эмгектенип да жаткан учурум. Акыркы 3-4 жылдын ичинде социалдык долбоорлордун үстүндө иштеп, спикер катары тренингдерди өткөрө баштадым.

Өзүм иштеп, өзүмдү акча менен камсыз кылганым, мүмкүнчүлүгү чектелген кыз үчүн кудук казып жатып, акыры сууга жеткен менен барабар дээр элем. Кээде бирөөлөр суктана карап, менден мотивация алышканын айтып калышат. Андайда ого бетер кубаттанып, далай ашууларды ашкым келип кетет. Албетте, баарына бара-бара акырындап жетем деп ойлойм. Алдыма чоң максаттарды койгом. Алар сөзсүз ишке ашат деп ишенем.

## Кыргыз Республикасынын эл артисти Анарбек Ибраев:

# “Жардын кыры мен үчүн даяр акустикалуу сахна эле”

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА

***Жер жүзүндө бардык эле адамга табият атайын талант арнап, баа жеткис өнөр тартуулай бербесе керек. Ошол тартуу кылынган шык-жөндөмдү ары улап кетүү жана келген дөөлөттү туура колдоно билүү өтө оор жана ал ар бир өнөр ээсинин өз колунда.***

Табият берген таланты менен адамдык бийик сапаты төп келишкен менин бүгүнкү каарманым Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, III даражадагы Манас орденинин ээси Анарбек Ибраев агай менен баарлашып олтуруп, ал адамдын жанынан руханий тынчтык жана жылуулукту сездим.

Адамгерчиликти, маданияттуулукту, чынчылдыкты, жөнөкөйлүктү жогору баалаган агайым, жашоосундагы эстен кеткис окуялары менен бөлүшүп, өзүнүн бала чагы, студенттик күндөрү, музыкага таштаган биринчи кадамы тууралуу буларды баяндап берди.

### Эркин жана ээн сахна

Мен, Ысык-Көл облусундагы Тепке деген айылда мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлүп өстүм. Кыштактын четинде комуздун тепкесиндей болгон дөбөчөбүз, дөбөчөнүн ортосунда 3 кыл жата турган оюгу бар. Ошондон улам айылыбыз Тепке деп аталып калыптыр. Эсимде, бала кезде кезектешип кой кайтаруу, кезүүнү аябай чыдамсыздык менен күтөр элем. Анткени мен ал жерге кой кайтарганы гана эмес, үнүмдү болушунча созуп ырдаганы барчумун. Койлорду жанагы айткан комуздун тепкеси сымал дөңдүн артындагы жарга жайып жиберем да, кырга олтуруп алып созолонтом. Жардын кыры мен үчүн даяр акустикалуу сахна эле. Ал жерде сени караган эч ким жок. Өзүмдү аябай эркин сезчүмүн. Катуу чаңырып ырдасам оттоп жаткан койлор баштарын көтөрө калчу. Ал койлор менин биринчи көрүүчүлөрүм болду (күлүп).

### “Алмашым атка конуп калгам”

Айылда 8-класска чейин окудум. Ошол учурда “Кутмандуу болсун кечиңер”, “Алтынчы күнү кечинде” аттуу радиоберүүлөрдө жума сайын жаңы ырдын бет ачары болуп турар эле. Бул радиоуктурууларды бүтүндөй айыл эли чыдамсыздык менен күтчү. Мен дагы берүүгө чейин болгон ишимди бүтүрө салып, башталган кезде үйдөгү кичинекей радионун жанына жакын барам да, кулак төшөп олтуруп калам. 1 сааттык берүү, анын ичиндеги жаңы ырды бир угуп эстеп калууга аракет кылам. Мелис аттуу классташым ырдын текстин бат жазчу. Ал аптанын аягында дагы бир кайталанган жаңы ырдын текстин жазып алып келет, мен болсо обонун жаттап барам. Сабак аяктагандан кийин, же болбосо танапис убагында класстын эшигин жаап алабыз да, классташтарыбыздын алдында ырдап беребиз. Бир күнү Алмашым аттуу жаңы ырды аткарып берсем баарына жагып калды. Ошондон кийин кыздар “Алмашым келе жатат” деп тамашалай беришип, көпкө дейре “Алмашым” атка конуп калгам.



### Музыка чөйрөсүнө биринчи кадам

Айылдан Каракол шаарына келип, Киров атындагы орто мектебинде 9-10-классты окудум. Мектепте ыр-хор кружогу абдан бийик орунга коюлуп, көркөм чыгармачыл жаатка өтө көңүл бурулчу. Петр Иванович Штрихин деген агайым баян менен ырдатат. Хорго жалгыз гана окуучулар эмес мугалимдерибиз да катышчу. Мени менен чогуу жанымда 2 окуучу бала жана математика сабагынан берген мугалимибиз ырдачу. Эми ойлоп көрсөм, өтө таланттуу киши экен. Бизди шык-жөндөмүбүзгө жараша тандап алат да, чогултуп 4 башка үн менен ырдатат. Азыркыга чейин агайымдын үндөрдү кантип бөлүштүрүп, бизге кантип үйрөткөндүгүнө бир чети таң калсам, бир чети өтө баа берип келем. Кароо-сынак баарыбыз үчүн майрам боло турган. Ушундай көңүлдөнүп, кызыгып, даярдык көрүп алып барабыз дагы, ар жолкусунда байгелүү делген орундарга ээ болуп кайтабыз. Киров орто мектеби ошол кезде окуудан гана эмес, көркөм чыгармачылык жактан да алдыга озуп чыккан таанымал мектеп болчу. Дал ушул кездери менин ырга болгон кызыгуум күн сайын арта баштаган.



Сүрөттө: Кыргыз Республикасынын эл артисти Анарбек Ибраев

### “Кудайым мени өмүр жолума чыйыр салган улуу адамга жолуктурган экен”

Окууну бүткөндөн кийин журналистика факультетине өтүүнү кыялданып келип, тагдырдын буйругу менен дейбизби филармониянын эстрадалык студиясына тапшырып калдым. Актёрдук жана ырчылык окууга өтүүнү көздөгөн жердештеримди колдоо үчүн барган элем. Ошол жерден Кудайым мени өмүр жолума чыйыр салган улуу адамга жолуктурган экен. Рыспай Абдыкадыровдой таанымал инсанды көргөнүм үчүн кубанычым койнума батпай, бир күн кечке артынан үйүнө барса үйүнө, базарга барса базарда ээрчип жүрө бергеним эсимде. Күндөрдүн биринде аккордеон ойноп жаткан жеринен жанына жакын барып: “Мен дагы ырдап берейинчи”,- дедим. Алмашымды бир куплет ырдагандан кийин эле, чертип жаткан аккордеонун коё салып, колумдан жетелеген бойдон окуу жайдын директоруна алып барды да, “Бул бала окушу керек”,- деди. Ошентип студияга кирип калдым. Үйдөгүлөргө ырчылыкка тапшырганымды айтканымда, кантсе да мугалимдер эмеспи, жакшы кабыл алып, колдошту. Ырчылыктын олуттуу, ары татаал кесип экендигин айтышып, аны алып кетүү өтө чоң жоопкерчиликти талап кыларын эскертишти. Арадан көп убакыт өтпөй армияга барып келдим. Армияда да ырдап жүрдүм. Андан келип Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетине тапшырып, жогорку билимге ээ болдум.

### “Кээде бир ыр адамдын багын ачат”

Студент кезим эле. Бир күнү Жумашпай Касымбеков деген агайым “Болбосо экен”, “Кыздар-кыздар” жана башка 3-4 ырды көтөрүп келди. Ошондо “Кыздар-кыздар” баарынан башкача, кулагыма жагымдуу угулду. Жаккан ырымды көтөрүп алып, азыркы Логвиненко көчөсүндө мурун радиого бардым да, ырымды жаздырдым. Баягы “Кутмандуу болсун кечиңер”, “Алтынчы күнү кечинде” аттуу радиоберүүлөрдөн эки жолу берилди. Ошондон кийин бүтүндөй эл ушул ырды ырдап калды. Кээде бир эле ыр адамдын багын ачып, элге таанымта алат экен.

### Айтып бүткүс Айтматовдун ааламы

Киров орто мектебинде окуп жүргөн чагымда бир жагынан адабиятка кызыгуум аябай арткан. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун аңгеме, повесть, романдарын көп окудум. Анткени бул залкар инсандын ар бир чыгармасында чыныгы дүйнө, чыныгы жашоо менен айкалышкан жандуу образдар орун алып, бири-биринен өзгөчөлөнгөнү окурманды өзүнө тартат. Алсак, “Ак кеме” повестиндеги үй көлдө, биздин айылдан алыс эмес жерде туруп, кийинчирээк гана бузулду. Чыңгыз Айтматов Санташка кетип бара жатып, бир жерде карыя менен сүйлөшүп олтуруп калат да, Момун чал жөнүндөгү окуяны угат. Көрсө, кардондо чындыгында эле чал кызы, күйөө баласы, небереси менен жашаган экен. Чыгармадагы окуя чыныгы жашоодо да болуптур. Андагы дөңдөн көл алаканга салгандай көрүнүп, анда орун алган аскердик пристанга кеме келип токточу дешет. Кийин ошол үйдү корукка алуу боюнча жазып чыгышкан, бирок аңгыча болбой, эскилиги жетип урап калды.

“Кызыл жоолук жалжалым” чыгармасы боюнча айта кетсем, Чыңгыз Айтматов Нарынга бара жатып ашуудан эки айдоочунун сүйлөшүп отурганына күбө болуптур. Биринин жанындагы досуна жашоосундагы башынан өткөргөн оор турмушун ыйлап айтып берип жатканын угуп, чоо-жайын сурайт. Ал Айтматовго Асел атуу кыз менен таанышып, кийин тагдырдын сыноосуна туруштук бере албай эки ара жолго түшкөнүн баяндап берген экен...

### “Жаман сөз жүрөккө дарт, көңүлгө так калтырат”

Мен учурда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинде декан жана окутуучу болуп эмгектенем. Ар нерсенин өз учуру болот экен.  Мисалы, балеринага сахнада 20 жыл гана убакыт берилет. Андан соң секирик жасоого канча аракет кылба жаш кездегидей болбойт. Үйлөмө аспаптарды ойногондорго 20 жыл берилет. Себеби өпкө ошого гана чыдайт. Ал эми ырчыга сахнада 25 жыл убакыт берилет. Андан соң топтогон тажрыйбаң менен кийинки жаш муунга билим берчү мезгил келет. Менин ошол окутуучулук мезгилге келип, студенттеримди тарбиялап, алардын ар бир жетишкен ийгилигине кубанып, толкунданып, сыймыктанып жаткан чагым.

Окутуучулук өтө татаал жана жоопкерчиликтүү кесип. Анткени ар бир бала сага өз тагдырын ишенип, жаркын максат, аруу ой-кыял менен келет. Татыктуу билим бере албоо, алардын тагдыры менен ойногонго барабар. Негизинен мыкты ырчыны, тагыраагы мыкты, дасыккан чыгармачыл инсанды даярдап чыгаруу үчүн 4 жыл жетишсиздик кылат. Бери дегенде 8-9 жыл керек. Антсе да биз 4 жылдын ичинде билим берүү программасын күчтөп, студентти тынымсыз машыктырып, ага ар дайым мотивация берип, болушунча жакшы окутууга аракеттенип жатабыз. Күчтүү билим менен бирге балага жакшы мамиле жасоо, аны менен жакын сүйлөшүү өтө маанилүү. Анткени жаман сөз жүрөккө дарт, көңүлгө так калтырат. Мен кээде студенттериме катуу айтып, капа кылып алсам, түнү менен уктай албай чыгам. Эртеси барып кечирим сурайм. Андан эч жериң кемип калбайт да. Тескерисинче ортодо ишеним күч алат жана жылуу мамиле баланын алдыга карай умтулуусуна чоң өбөлгө болот.

# Маданият жоголсо - эл жоголот




Сүрөттө: Эржан Эмилбаев

***Бишкек шаарында чоподон карапа жана өзгөчө буюмдарды жасоочу өнөркана бар. Аны жаш ишкерлер Эрмек Алтымышбаев жана Эржан Эмилбаев негиздеген. Эрмек Алтымышбаев – "Манас" университетинин теология бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү, Эржан Эмилбаев учурда Түркиянын университеттеринин биринде туризм тармагында окуйт. Ишкерлердин максаты унутулуп бара жаткан кыргыз элинин өнөрүн заманбап жашоого алып келүү, техника өнүккөн заманда адамдарга смартфонсуз эмоция тартуулоо өзгөчөлүгү болгон. "Чопо Арт" эмоция тартуулоочу жайдын ачылганына аз гана убакыт болсо дагы келгендердин арты үзүлбөйт.***

**Көз жоосун алган өзгөчө атмосферасы менен тосуп алган "Чопо Арт" студиясынын улуттук колоритте жасалгаланышы**

Өнөрkананын башкалардан өзгөчө болуп турушу үчүн улуттук колоритте жасалгаладык. Логотипке дагы өзүбүздүн орнаменттерди коштук. Студиябыздын жасалгаларында да өзүбүздүн нукура шырдагыбыз, аспаптарыбыз, бүркүтүбүз жана желектен баштап түндүккө чейин өзүбүздүн баалуулукту чагылдырганга аракет кылдык. Аны менен биргеликте күтүү залында отурган конокторубуз дагы смартфонсуз өзүн эс алдырышы үчүн, алардын өнүгүүсүнө салымыбызды кошуу максатында залкар жазуучуларыбыздын китептерин коюп койгонбуз. Биздин башкы максатыбыз унутулуп бара жаткан өнөрчүлүгүбүздү жаңы дем менен заманбап жашоого алып келгибиз келгени болду.

**Алгачкы кадамдар**

Бир канча жолу студияны ачууга аракет жасаганбыз, бирок ар кандай шартка байланыштуу ачылбай келген. Күчтөнүп отуруп, 2022-жылдын 26-ноябрында максатыбыз ишке ашты. Бир жумадай келгендер болгон жок, бул убакытта туура эмес багыт менен бара жатабызбы деп кабатырланууу болду. ББирок, биз ошол кезде өзүбүздү колго алып, команда менен жакшылап иштеп баштадык. Жарнама өзгөчө жардамга келди. Башында өзүбүз жасаганды билбегендиктен, мастерлерди алдык, кийин убакыттын өтүшү менен колубуз көнүп, конокторго өзүбүз жасаганды үйрөтө баштадык. Азыр мастердин кызматынан баштап тазалык кызматына чейин өзүбүз иште аткара беребиз. Келген коноктор социалдык тармактар аркылуу бизди жарнамалап баштышты, азыр кызыккандардын саны арбып, көздөгөн максатыбызга жете баштадык.

КАБАР: АЙЗИРЕК АБДИКАЛИЛ КЫЗЫ



**Чоподон буюм жасоо аркылуу жан дүйнө эс алат**

Иштеп жатканда сырттагы бардык көйгөй унутулуп, чопого гана көңүл бурулат. Кармаганда колго аябай жагымдуу арт-терапия, медицинада бир канча ооруларга дагы пайдалуу деп айтылып келет. Арт-терапия – бул көркөм дарылоо, көркөм айыктыруу деген маанини туюндурат. Бир нерсе жасап, бир нерсе жараткан адамдын өзүнө болгон өздүк баасы өсөт. Ошондой эле чопону жасап жатканда кол менен бут кыймылда болот, бул дагы ден соолукка пайдасын берет.


**Өзгөчөлүк жаратуу үчүн башка өлкөлөрдү көрүү керек**

Биз Түркияда жүрүп чоподон буюм жасоо кеңири жайылганын көрдүк, аны Кыргызстанга алып келүүнү көздөп баштадык. Эржан туризм тармагында болгондугу үчүн дагы биз тарыхыбызды, маданиятыбызды чагылдырган нерсе менен өлкөбүздө кардарларды тейлөөнүн мыкты сапатын көрсөткүбүз келди. Келген ар бир кардарга өзгөчө мамиле кылып, алардын көңүлүн тапканга аракет жасайбыз.

**Жети жаштан жетимиш жашка чейин смартфонго байланып калган мезгилде, кол өнөрчүлүк - табылгыс байлык**

Биздин "Чопо Арт" эмоция борборубузда жаш куракка чектөө жок. Мастерлердин жардамында каалаган буюмуңузду жасоо мүмкүнчүлүгүңүз бар. Ошондой эле бизде жаш балдарга арналган курстар болот. Смартфонго байланып калган заманда балдарынын өнүгүүсүнө кайдыгер карабаган ата-энелер балдарын берсе болот. Кыздарыбыз үчүн дагы уз өнөрчүлүккө басым жасаган курстар бар.

*Жалпы жаштарга айта кетчү нерсе, эгер бир максатыңыз болсо ал нерсеге биринчи кадамды таштагыла, биринчи кадам ташталгандан кийин мүмкүнчүлүктөр өздөрү эле келип баштайт. Эң негизгиси кыла турган ишиңиздерге өзүңүздөр ишенсеңиздер, сиздерге башкалар дагы ишенет.*







# АБДЫКАДЫР ЖАНА ӨТКҮР

Nayzabek Mukambetov

## «Устат менен шакирт»

Салбуурун кыргыздардын муундан-муунга уланган салттуу оюну болуп саналат. Муратбек агасынын уулу Абдыкадыр менен бирге оюнга катыша турчу тайганды таптоодо. Муратбектин бүлөсү Таластын Үч-Булак айылында чоң аталарынан мурас калган тайганчылык жана мүнүшкөрлүк менен алектенет. Абдыкадыр болсо эрте жашынан улуу өнөрдү өздөштүрүүгө далалат кылууда.



## «Аңчылык»

Муратбек өзү багып, үйрөткөн тайгандары менен аңчылыкка чыгууга камданып жатат.



## «Байкоо»

Муратбек менен анын тайгандары айланага көз салууда.







## «Талаа кожоюндары»

Муратбек, Абдыкадырдын бүркүтү Өткүр жана өзүнүн чыныгы досу менен талаада.



## «Абдыкадыр жана Өткүр»

Абдыкадыр агасынан үйрөнгөндөрүн ишке ашыруу алдында турат. Ал үчүн Өткүрдү агасы учурган көгүчкөндү кармоого коё берет.



## «Олжо»

Көз ачып-жумгуча Өткүр олжосун кылтагына илип, Абдыкадырга алып келди.



## «Түбөлүктүү достук»

Күн сууп, үйгө кайтып бараткан кез. Абдыкадыр досу Өткүрдү үшүп калбас үчүн кийимине катып алды. Экөө тең жаңы гана өсүп келатышат. Алардын достугу өмүр бою уланмакчы.

**• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси**

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili. Dr. Baktıgül Kalambekova- Биринчи проректор Докт., Бактыгүл Каламбекова

**• Genel Yayın Yönetmeni**

Prof. Dr. Mehmet Sezai Türk-Проф. Докт., Мехмет Сезаи Түрк

**• Yayın Koordinatörü**

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

**• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу**

Doç. Dr. Erdoğan Akman-Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан

**• Editör-редакторлор**

Öğr. Gör. Dr. Topçugül Narmamatova – Ага окутуучу докт., Топчугүл Нарматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

**• Editör Yardımcıları-Редактордун орун басары**

Esenbol Nurbek Uulu-Нурбек уулу Эсенбол

Güven Gök – Гүвен Гөк

• Çeviri-котормочулар

Erlan Bekten Uulu- Эрлан Бектен уулу

**• Gazete Tasarımı-дизайн**

Ravşan Abdullayev

**• Muhabirler-корреспонденттер**

Cakşılık Zamirbekov-Жакшылык Замирбеков

Adina Matişova-Адина Матишова

Ayzat Lesbekova-Айзат Лесбекова

Ayzada Urmatbek Kızı-Айзада Урматбек кызы

Zarina Abduvalieva-Зарина Абдувалиева

İnsan Urakunova-Инсан Уракунова

Suluuman Bayguttueva-Сулууман Байгуттуева

Ahmet Hakan Kaya-Ахмет Хакан Кая

**• Yazışma Bilgileri**

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164

# Молдосейит Мамбетакунов III даражадагы “Манас” ордени менен сыйланды



Сүрөттө (солдон оңго карай): КТМУнун коммуникация факультетинин доценти Молдосейит Мамбетакунов, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин доценти Молдосейит Мамбетакунов өлкөнүн социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн III даражадагы “Манас” ордени менен сыйланды.

Сыйлыкты Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тапшырды.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты жана жалпы эмгек жамааты Молдосейит Мамбетакуновду мамлекеттик сыйлыгы менен куттуктайт жана мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалайт.

КАБАР: МЕДИА МАНАС / ФОТО: МЕДИА МАНАС

# Таалайгүл Ташманбетова Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды

Үстүбүздөгү жылдын 12-сентябрында Эгемендик күнүнө карата Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров өлкөгө сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн мыкты делген инсандарга мамлекеттик сыйлыктарды тапшырды.

КТМУнун көркөм өнөр факультетинин театралдык искусство бөлүмүнүн ага окутуучусу Таалайгүл Ташманбетова Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты жана жалпы эмгек жамааты ага окутуучу Таалайгүл Ташманбетованы мамлекеттик сыйлыгы менен куттуктайт жана мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалайт.

КАБАР: МЕДИА МАНАС / ФОТО: МЕДИА МАНАС



Сүрөттө (солдон оңго карай): КТМУнун көркөм өнөр факультетинин театралдык искусство бөлүмүнүн ага окутуучусу Таалайгүл Ташманбетова, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров